# 2011-жылдын январь-сентябрь айлары үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчет

Улуттук банк Башкармасынын
2011-жылдын 28-ноябрындагы №66/1
токтому менен кабыл алынган

## Акча-кредит саясатындагы негизги тенденциялар

Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, 2011-жылдын сентябрь айынын акырына карата абал боюнча жыл башынан тартып керектөө бааларынын индексинин өсүшү 4,4 пайызды, ал эми жылдык мааниде – 13,0 пайызды түзгөн (2011-жылдын сентябрь айы 2010-жылдын сентябрь айына карата). Республикада баалардын жалпы өсүшүнө таасирин тийгизген негизги факторлордон болуп азык-түлүк товарлары боюнча (нан азыктары жана таруулар, жашылча-жемиштер, эт, кант) баалардын кыйла басаңдашы, ошондой эле азык-түлүктөн башка товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баалардын алгылыксыз арымда өсүшү саналган.

Ошондой болсо да, жогорку инфляциялык тобокелдиктин орун алып турушун эске алуу менен, Улуттук банк отчеттук мезгил ичинде катуулатылган акча-кредиттик саясатты сактап турган. Алсак Улуттук банк, банк тутумундагы үстөк ликвиддүүлүктөн арылуу операцияларын көбөйткөн: Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү жыл башынан тартып 2 эсе өсүп, 2011-жылдын сентябрь айынын акырына карата абал боюнча 1 368,4 млн. сомго жеткен; репо шарттарында сатылган мамлекеттик баалуу кагаздар көлөмү отчеттук мезгилдин акырына 286,8 млн. сомду түзгөн, бул жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчтөн 4 эсе жогору.

Кароого алынган мезгил ичинде Улуттук банктын эсептик ченинин акырындык менен өсүү тенденциясы байкалган, ал отчеттук мезгилдин акырына 13,4 пайызды түзүү менен (жыл башына 5,5 пайыз) өткөн жылдын жарымынан тартып биринчи жолу реалдуу мааниде оң түптөлгөн.

Коммерциялык банктардын үстөк камдарынан арылуу операцияларын көбөйтүүдөн тышкары Улуттук банк, акча-кредиттик саясатты катуулатуунун алкагында 2011-жылдын март айында коммерциялык банктар үчүн милдеттүү камдар өлчөмүн эсептик базадан 8 пайыздан 9 пайызга чейин көбөйткөн, ошондой эле БРАФтын кредиттөө максаттары үчүн базалык ченди 2010-жылдын декабрь айындагы 7 пайыздан 2011-жылдын июль айындагы 10 пайызга чейин жогорулаткан.

Ошону менен бирге белгилей кетүүчү нерсе, өтүп жаткан жылы экономикалык өсүш кайра калыбына келип, ал маселелерди чечүү үчүн түзүлгөн БРАФтын негизги маселелери аткарылгандыгына байланыштуу, Улуттук банк тарабынан анын ишин токтотуу чечими кабыл алынган. Ликвидация процесси башталган учурга карата (2011-жылдын 1-августунда) БРАФ тарабынан бөлүштүрүлгөн каражаттардын көлөмү 2,6 млрд. сомду, алардын ичинен баалуу кагаздар портфели – 0,4 млрд. сом, БРАФтын кредиттик портфели – 2,2 млрд. сом, ошондой эле «Фермерлерге жеткиликтүү кредиттер» долбоору боюнча – 565,1 млн. сомду түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк, банктар аралык ички валюта рыногунда, негизинен соода балансынын тартыштыгынын көбөйүүсү менен шартталган, чет өлкө валютасына суроо-талаптын артышына байланыштуу, аны өзгөчө көбүрөөк саткан. Ошону менен бирге эле, ушул эле жылы акча которуулар

боюнча түшүүлөрдүн кыйла өсүшүнө байланыштуу, ички валюта рыногунда чет өлкө валютасын сунуштоо көбөйгөндүгү байкалгандыгын да белгилей кетүү зарыл. Натыйжада, жалпысынан 2011-жылдын январь-сентябрь айларында Улуттук банктын чет өлкө валютасын таза сатуу 65,9 млн. АКШ долларын түзгөн (2010-жылдын ушул эле мезгилинде – 186 млн. долларды түзгөн эле). Отчеттук мезгил ичинде АКШ долларынын алмашуу курсу сомго карата катышы боюнча 4,5 пайызга же 1 АКШ долларына 47,0992 сомдон 45,0008 сомго чейин төмөндөгөн (2010-жылдын тиешелүү мезгилинде алмашуу курсу 5,8 пайызга жогорулаган эле).

Сомдун бекемдеши бир жагынан жана негизги соода өнөктөш өлкөлөрдүн көрсөткүчүнө салыштырганда биздин республикадагы инфляциянын жогорку арымы экинчи жактан, реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун (РЭАК) индексинин жыл башынан тартып 2,7 пайызга, же 114,3кө чейин өсүшүн шарттаган.

Ал эми экономикадагы акча сунушуна келе турган болсок, отчеттук мезгил ичинде ал Өкмөттүн өбөлгө түзүүчү саясатынын жана экономикага кредиттин өсүшүнүн эсебинен көбөйгөн. Бүтүндөй алганда, 2011-жылдын январь-сентябрь айларында акча базасы 5,4 пайызга, 51,2 млрд. сомго чейин, ал эми М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы 10,5 пайызга, 76,5 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Мында, экономиканы монетизациялоо көрсөткүчү 27,3 пайызды түзүп, 0,6 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Отчеттук мезгил ичинде экономикага кредиттер 16,1 пайызга арткан.

2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде үстөк камдардын орточо күндүк көлөмү 1,6 млрд. сомду (2010-жылдын ушул эле мезгилинде 1,7 млрд. сомду түзгөн). Кароого алынып жаткан мезгил ичинде милдеттүү камдардын көлөмү 39,2 пайызга көбөйгөн, бул депозиттердин өсүшүнүн эсебинен сыяктуу эле, милдеттүү камдардын өлчөмүнүн 2011-жылдын март айында 8 пайыздан 9 пайызга чейин көбөйтүлүшүнүн эсебинен 3,0 млрд. сомго чейин жеткен. Коммерциялык банктардын депозиттик базасынын көлөмү өтүп жаткан жылдын башталышынан бери 12,7 пайызга көбөйгөн.

2011-жылдын иликтөөгө алынып жаткан мезгили ичинде экономикада өткөн жылдын ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда, экономикалык өсүш арымынын 8,7 пайызга жогорулагандыгы байкалган, мында ИДӨнүн өсүшүнө негизги салымды кайра иштетүү өнөр жайынын ишканалары (3,8 п.п.) жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү (2,2 п.п.) кошкон.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин сальдосу 93,6 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң калыптанган. Мында, күндөлүк эсептин тартыштыгынын ИДӨгө карата 9,5 пайызга чейин өскөндүгү белгиленген. Отчеттук мезгилдин акырына карата эл аралык дүң камдардын көлөмү 1 845,8 млн. АКШ доллары чегинде катталган. Бул товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн болочоктогу 4,1 айлык импортун жабууга жетиштүү.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын ала маалыматтары боюнча 2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 4,8 млрд. сомду же ИДӨгө карата 2,5 пайызды түзгөн.

## Акча-кредиттик көрсөткүчтөр динамикасы

2011-жылдын сентябрь айынын акырына карата акча базасы 51,2 млрд. сомду түзгөн, 2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 5,4 пайызга же 2,6 млрд. сомго көбөйгөн (2010-жылдын ушул эле мезгили ичинде көбөйүү 7,4 пайыз чегинде катталган эле).

Акча базасынын түзүмүндө жүгүртүүдөгү нак акчалардын үлүшүнүн 2010-жылдын акырындагы 89,1 пайыздан 2011-жылдын сентябрь айынын акырындагы 90,9 пайызга чейин көбөйүүсү жүргөн, демек коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспенденттик эсептериндеги каражаттардын үлүшү 10,9 пайыздан 9,1 пайызга чейин азайган.

М0 банктардан тышкары акча отчеттук мезгил ичинде 6,7 пайызга көбөйүү менен 2011-жылдын сентябрь айынын акырына карата 44,2 млрд. сомду түзгөн (2010-жылдын ушул эле мезгилинде 13,3 пайыз).

Банктардан тышкары акчаны жана улуттук валютадагы депозиттерди камтыган М2 акча массасы өтүп жаткан жылдын сентябрь айынын акырына карата 58,7 млрд. сомду түзүү менен отчеттук мезгил ичинде 9,3 пайызга көбөйгөн (2010-жылдын ушул эле мезгилинде 13,6 пайызга арткан эле).

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди[1] камтыган кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасынын көлөмү сентябрь айынын акырына карата 76,5 млрд. сом чегинде катталып, кароого алынып жаткан мезгил ичинде 10,5 пайызга көбөйгөн (2010-жылдын тиешелүү мезгили ичинде 10,1 пайызга). Мында, кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасынын аныктамасына кирген депозиттердин жалпы көлөмү 16,3 пайызга, ал эми Улуттук банктагы депозиттер 18,0 пайызга, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттер 15,0 пайызга көбөйгөндүгү белгиленген, ушунун өзү банк тутумуна карата ишенимдин сакталып калгандыгын тастыктайт.

2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасынын түзүмүндө улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 1,2 пайыздык пунктка, 18,9 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү – 0,9 пайыздык пунктка, 23,2 пайызга чейин көбөйгөн. Мында, акча массасын нак түзүүчүлөр 2,1 пайыздык пунктка, 57,8 пайызга чейин азайган.

Бүтүндөй алганда, отчеттук мезгил ичинде экономикага кредиттердин өсүш арымы 16,1 пайызды түзгөн. Мында, улуттук валютада кредиттөө 21,5 пайызга, чет өлкө валютасында 11,3 пайызга арткан. Бул жерде, банктар тарабынан реалдуу секторду кредиттөөнүн өсүшүнө «Банктарды рефинансылоонун адистерштирилген фондусу» (БРАФ) ЖЧКсынын ишинин жандануучу да таасирин тийгизген. БРАФтын кредиттик портфели[2] аны жоюуну баштоо учуруна карата (2011-жылдын 1-августунда) 2,2 млрд. сомду түзгөн, бул жыл башындагыга салыштырганда, 1,4 млрд. сомго көп.

Депозиттердин жалпы көлөмүндөгү чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү катары эсептелинген депозиттерди долларлаштыруу деңгээли кароого алынып жаткан мезгил ичинде 0,6 пайыздык пунктка, 2011-жылдын сентябрь

[1] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда.

[2] Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 9-июнундагы №33/1 токтому менен 2011-жылдын 1-августунан тартып БРАФты жоюу жөнүндө чечими кабыл алыган; Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 27-июлундагы №40/5 токтомуна ылайык, БРАФтын лицензиясы кайтарылып алынган.

айынын акырына карата 55,1 пайызга чейин төмөндөгөн (2010-жылдын сентябрь айынын акырына карата 55,1 пайыз).

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде M2X акча массасынын жүгүртүү тездиги бир аз гана, жыл башындагы 3,6 сентябрь айынын акырындагы 3,7 чейин көбөйгөн. Демек, M2X акча топтому боюнча эсептелинген экономиканы монетизациялоо коэффициенти жыл башындагыга салыштырганда 0,6 пайыздык пунктка төмөндөп, отчеттук мезгилдин акырына карата 27,3 пайызды түзгөн. Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн M2X акча мультипликатору жыл башындагы 1,424 сентябрь айынын акырына 1,494 чейин көбөйгөн (2010-жылдын сентярбь айынын акырына карата бул көрсөткүч 1,426 чегинде катталган эле).

## Инфляция: жыйынтыктар жана тенденциялар

2011-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча республикада инфляция деңгээлинин өсүш арымынын олуттуу басаңдоосу катталган. Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, инфляциянын 12 ай ичиндеги мааниси (2011-жылдын сентябры 2010-жылдын сентябрына карата) 13,0 пайызды түзгөн. Жыл башынан бери баанын жалпы деңгээлинин өсүшү, 2010-жылдын январь-сентябрь айларындагы 10,3 пайызга салыштырганда, 4,4 пайызды түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде негизги азык-түлүктөргө (нан азыктарына жана талкандарга, жашылча-жемишке, кантка) баанын өсүш арымы олуттуу басаңдагандыгы байкалып, ошондой эле азык түлүктөн башка товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баанын өсүш арымы алгылыктуу болгондугу белгиленген. Ушунун өзү жылдык мааниде алганда, баа динамикасын аныктаган негизги факторлордун биринен болгон.

**1-таблица. Кыргыз Республикасында керектөө бааларынын индекси**

| | 2011-ж. сентябрь айы | | | 2011-ж. январь-сентябрь айлары 2010-ж. январь-сентябрь айларына карата |
|---|---|---|---|---|
| | 2011-ж. август айына карата | 2010-ж. сентябрь айына карата | 2010-ж. декабрь айына карата | |
| **Бардык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | **98,9** | **113,0** | **104,4** | **120,0** |
| анын ичинде | | | | |
| Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар | 97,0 | 117,5 | 103,7 | 131,9 |
| Алкогол суусундууктары жана тамеки заттары | 100,7 | 110,9 | 106,0 | 111,8 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 100,2 | 110,6 | 105,5 | 111,5 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 102,8 | 112,4 | 109,6 | 111,5 |

2011-жылдын сентярбь айынын жыйынтыгы боюнча азык-түлүк товарларына баа жылдык мааниде алганда 17,5 пайызга жогорулаган (2010-жылдын тиешелүү мезгили ичинде 14,4 пайызды түзгөн эле). «Нан азыктары жана талкандар» товардык тобу жылдык мааниде алганда 14,6 пайызга кымбаттаган, сүт азыктарына баа жылдык мааниде алганда 11,7 пайызга, ал эми жашылча-жемиштерге баа 3,1 пайызга жогорулаган. Эт азыктарына баа, жылдык мааниде алганда 38,1 пайызды түзүү менен өсүшүн уланткан. 2011-жылдын отчеттук мезгили ичинде этке баанын орточо айлык өсүшү 2,4 пайыз чегинде катталган.

Экономиканын азык-түлүк товарлары боюнча импорттон көз карандылыгы жогору бойдон сакталып калууда.

Алкоголь ичимдиктерине жана тамекиге[1] баа жылдык мааниде алганда тиешелүүлүгүнө жараша 7,8 жана 19,6 пайызга өскөн.

Азык-түлүктөн башка товарларга баа индексинин өсүшү жылдык мааниде алганда 10,6 пайызды түзгөн, бул 2010-жылдын тиешелүү көрсөткүчтөн 0,8 пайыздык пунктка жогору. Алсак, кийим-кече жана бут кийимге баа 16,8 пайызга жогорулаган. «Үй тиричилигине керектүү буюмдар жана тиричилик техникалары» тобуна киргендердин баасынын өскөндүгү белгиленип, ал 11,3 пайызды түзгөн. Мындан тышкары, «Электр энергияны, газды жана отундун башка түрлөрү» тобу боюнча тарифтердин жылдык мааниде 1,2 пайызга жогорулашы катталган. Күйүүчү-майлоочу материалдардын наркы 1,3 пайызга жогорулап, анын ичинде бензиндин баасы 1,6 пайызга, дизель отунуна баа – 4,4 пайызга өскөн. 2011-жылдын 3-чейреги ичинде КММга баа 5,1 пайызга көбөйгөн, анын ичинде бензин 5,9 пайызга кымбаттап, дизель отуну 0,5 пайызга арзандаган.

Кароого алынган мезгил ичинде акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баа индекси жылдык өлчөмдө 12,4 пайызга өскөн (2010-жылдын ушул эле мезгили ичинде 9,4 пайызга өскөн эле). Ушул топтогу индекстин өсүшү эң башкысы тойканалардын жана мейманканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн 16,8 пайызга, ошондой эле транспорттук кызмат көрсөтүүлөр (+12,5 пайызга) жана эс алууну уюштуруу жагында кызмат көрсөтүүлөрдүн (+13,2 пайызга) кымбатташынын эсебинен жүргөн. Жаңы окуу жылынын башталышы менен билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркынын жогорулагандыгы белгиленген, ал жылдык мааниде алганда 13,8 пайыз чегинде катталган. Саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүсү 10,2 пайызга кымбаттаган.

## Реалдуу сектор

2011-жылдын тогуз айы ичинде ИДӨ көлөмү алдын ала маалыматтар боюнча 8,7 пайызга көбөйгөн, ал эми 2010-жылдын январь-сентябрь айларында ал 1,2 пайызга төмөндөгөн эле. «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, 2011-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча ИДӨнүн көлөмү 6,8 пайызга өскөн (2010-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде бул көрсөткүч 2,3 пайызга төмөндөгөн). Алдын ала маалыматтар боюнча 2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде ИДӨ дефлятору, 2010-жылдын январь-сентябрь айларындагы 6,6 пайызга караганда, 18,6 пайыз деңгээлинде калыптанган.

[1] 2011-жылдын 29-июлунан тартып Кыргыз Республикасынын Салык кодексине акциздер жагында сунушталган өзгөртүүлөр күчүнө кирген. Жаңы түзөтүүлөр тамекилерге акциздерди 42,9 пайызга көбөйтүүнү караган.

**2-таблица. Ишкердиктин айрым түрлөрүнүн ИДӨнын өсүшүнө/төмөндөшүнө кошкон салымы**

*(пайыздарда)*

| | 2010-ж. янв. – сент. салыш. салмагы | 2011-ж. янв. – сент. салыш. салмагы | 2010-ж. янв.- сент. өсүш арымы | 2010-ж. янв.- сент. өсүш арымы | 2010-ж. янв.- сент. өсүшкө салым | 2011-ж. янв.- сент. өсүшкө салым |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарбасы | 19,9 | 19,7 | -1,7 | 2,5 | -0,3 | 0,5 |
| Өнөр жай | 18,2 | 20,6 | 16,7 | 25,3 | 2,5 | 4,6 |
| Тоо кендердин казып алуу жайы | 0,6 | 0,8 | 2,4 | 21,3 | 0,0 | 0,1 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 14,6 | 17,2 | 18,2 | 26,1 | 2,2 | 3,8 |
| Э/энер., газды жана сууну өндүрүү жана бөл. | 2,9 | 2,6 | 12,0 | 22,4 | 0,3 | 0,7 |
| Курулуш | 4,9 | 4,9 | -28,7 | 8,6 | -1,9 | 0,4 |
| Кызмат көрсөтүү | 46,3 | 43,3 | -3,1 | 4,8 | -1,4 | 2,2 |
| Соода | 15,3 | 15,0 | -8,8 | 5,0 | -1,5 | 0,8 |
| Мейман-р, ресторандар | 1,1 | 1,2 | -13,6 | 10,6 | -0,2 | 0,1 |
| Транспорт жана байланыш | 9,3 | 8,6 | 0,5 | 11,4 | 0,0 | 1,1 |
| Жана башкалар | 20,6 | 18,5 | 0,8 | 1,3 | 0,2 | 0,3 |
| Тамак-ашка таза салыктар | 10,7 | 11,5 | -1,2 | 8,7 | -0,1 | 0,9 |
| **ИДӨ** | **100,0** | **100,0** | **-1,2** | **8,7** | **-1,2** | **8,7** |

*Булагы: УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

Кароого алынып жаткан жылдын январь-сентябрь айлары ичинде ИДӨнүн өсүшүнө негизги салымды, өлкөдө жана региондо экономикалык жигердүүлүктүн калыбына келиши шартында, өнөр жай ишканалары кошкон (4,6 п.п.). Өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшүнө кошумча фактор катары «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларынын пландык түзүмүн атоого болот: алтынды өндүрүүнүн негизги көлөмү 2011-жылдын 2 жана 3-чейректерине туура келген. «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмү өткөн жылдын январь-сентябрь айларындагы көлөмгө салыштырганда 21,4 пайызга көбөйгөн, ал эми 2010-жылдын ушул эле мезгилинде бул көрсөткүчтүн өсүшү 15,8 пайызды түзгөн.

Өндүрүштүн негизги өсүшү кайра иштетүү өнөр жайында катталган, 2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде анын физикалык көлөмүнүн индекси 126,1 пайыз чегинде катталган.

Ал эми электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү тармагында өндүрүштүн арткандыгы байкалган. Жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча бул тармактын өндүрүмдүүлүгүнүн 22,4 пайызга өсүп, ал электр энергиясын өндүрүүнүн жана бөлүштүрүүнүн 23,9 пайызга өсүшү менен шартталган.

2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде ИДӨнүн өсүшүнө олуттуу салымды ошондой эле, кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн ишканалары кошууга жетишкен (2,2 п.п.). 2011-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү, өткөн жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 4,8 пайызга өскөн. Ал эми 2010-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча ал 3,1 пайызга төмөндөгөн эле.

Транспорт жана байланыш тармагында 2011-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча дүң кошумча нарктын өсүшү 11,4 пайызды түзүү менен жүктөрдү ташуу көлөмүнүн, транспорттун бардык түрүндө жүргүнчүлөрдү ташуу көлөмүнүн көбөйүүсү, ошондой эле почта жана электр байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн артышы менен камсыз кылынган.

Жылдын январь-сентябрь айларында соода жүгүртүүсүнүн 5,0 пайызга көбөйгөндүгү байкалып, ал көбүнесе саясый туруксуздуктун алкагында 2011-жылдын биринчи жарым жылдыгында түптөлгөн төмөнкү база менен шартталган (2010-жылдын ушул эле мезгилинде 8,8 пайызга төмөндөө жүргөн).

Айыл-чарба азык-түлүгүнүн дүң өндүрүмдүүлүгү 2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 109,8 млрд. сом чегинде катталган, мында физикалык көлөмдүн индекси 102,5 пайыз деңгээлинде калыптанган.

Тогуз айы ичинде алдын ала маалыматтар боюнча негизги капиталга салынып, өздөштүрүлгөн инвестициялардын деңгээли 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 5,0 пайызга көбөйүү менен 31,0 млрд. сомду түзгөн. 2010-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча негизги капиталга инвестициялар көлөмү 21,7 пайызга төмөндөгөн эле. Инвестициялардын жалпы көлөмүндө эң чоң үлүштү ээлеген ички инвестициялар жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 4,3 пайызга төмөндөгөн, ал эми тышкы булактардын эсебинен инвестициялар өткөн жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда, 1,4 эсеге көбөйгөн.

## Тышкы экономика сектору

2011-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча[1] төлөм теңдеминин күндөлүк эсебинин тартыштыгы ИДӨгө карата 9,5 пайызга чейин өскөн, бул 2010-жылдын тогуз айы ичиндеги көрсөткүчтөн 5,7 пайыздык пунктка жогору. Мурдагыдай эле, күндөлүк эсептин түзүмүндө соода балансы, кызмат көрсөтүүлөр балансы жана кирешелер сыяктуу статьялар күндөлүк трансферттер боюнча орун алган профициттен ашкан тартыштыгы менен калыптанган.

2011-жылдын тогуз айы ичинде 2010-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда соода балансынын тартыштыгы 37,8 пайызга көбөйүп, 1 093,7 млн. АКШ доллары деңгээлинде түптөлгөн. Мындай өсүш, импорттук түшүүлөрдүн 714,4 млн. АКШ долларына көбөйүү менен шартталган, ал эми экспорттук берүүлөр 414,1 млн. АКШ долларына көбөйгөн.

Кароого алынып жаткан жылдын тогуз айы ичинде товарлардын экспорту (ФОБ баасында) 1 620,5 млн. АКШ долларын түзгөн, ушунун өзү 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 34,3 пайызга артат. Иликтөөгө алынып жаткан мезгил ичинде товарлардын импорту (ФОБ баасында) 35,7 пайызга өсүп, 2 714,2 млн. АКШ долларын түзгөн.

2010-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда, кароого алынып жаткан мезгил ичинде күндөлүк трасферттер боюнча валюталык түшүүлөрдүн 30,1 пайызга көбөйүүсү байкалган. Мурдагыдай эле, күндөлүк трансферттердин түзүмүндөгү олуттуу таза агылып кирүүлөр, 2009-жылдагы басаңдоодон кийин арымдуу өсүшкө ык койгон акчалай которууларлардын түшүүсү менен камсыз кылынган. Алсак, жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча алардын көлөмү[2] 1 065,8 млн. АКШ долларына жеткен, бул 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 32,6 пайызга жогору.

Өтүп жаткан жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсебинин оң сальдосу, 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 39,9 пайызга төмөндөө менен 166,5 млн. АКШ доллар өлчөмүндө түптөлгөн.

Ошентип, тогуз айдын жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин сальдосу 93,6 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң чыккан. Отчеттук мезгилдин акырына карата

---

[1] Алдын ала алынган маалыматтар.

[2] Жеке адамдардын которуу системалары аркылуу жүзөгө ашырылган акчалай которууларынын көлөмү.

дүң эл аралык камдардын көлөмү 1 845,8 млн. АКШ долларын түзгөн, бул товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги 4,1 айлык импортун жабууга жетиштүү.

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча, сомдун номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун (НЭАК) индекси 2011-жылдын башталышынан бери 1,2 пайызга көбөйүү менен сентябрь айынын акырында 117,6 түзгөн. Индекстин өсүшү, 2011-жылдын сентябрь айында сомдун 2010-жылдын декабрь айындагы АКШ долларына карата орточо курсуна салыштырганда 4,3 пайызга, казак тенгесине карата 4,0 пайызга, ал эми орус рублине карата 1,2 пайызга чыңдалуусу менен шартталган[2]. Ушуну менен катар эле, ошол учурда сомдун еврого жана япон иенасына карата нарксызданышы катталган.

Сомдун НЭАКынын чыңдалышы менен бирге эле, өнөктөш өлкөлөрдө инфляция кыйла төмөнкү деңгээлде болушу[3], реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун (РЭАК) индексинин көбөйүүсүн шарттаган, ал 2010-жылдын декабрь айынан бери 2,7 пайызга көбөйүү менен 2011-жылдын сентябрь айынын акырына 114,3тү түзгөн.

## Мамлекеттик финансы сектору

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын ала маалыматтары боюнча 2011-жылдын январь-сентябрь айларында мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 4,8 млрд. сомду же ИДӨгө карата 2,5 пайызды түзгөн (2010-жылдын январь-сентябрь айларында бюджет ИДӨгө карата 3,7 пайыз өлчөмүндөгү тартыштыгы менен аткарылган эле). Мында, келип түшкөн расмий трансферттерди эске албаганда, мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 10,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 5,3 пайызды түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде мамлекеттик бюджетти жалпы каржылоо 12,2 млрд. сом чегинде катталган: алардын ичинен ичтен каржылоо 6,3 млрд. сомду, сырттан каржылоо 5,9 млрд. сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун алдын ала маалыматтары боюнча социалдык фонддун бюджетинин 2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичиндеги тартыштыгы 76,0 млн. сомду же ИДӨгө карата 0,04 пайзды, кирешелери 16,3 млрд. сомду же ИДӨгө карата 8,6 пайызды, чыгашалары 16,4 млрд. сомду же ИДӨгө карата 8,6 пайызды түзгөн.

2011-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча консолидацияланган бюджеттин (мамлекеттик бюджет + социалдык фонддун бюджети) тартыштыгы 4,9 млрд. сомду же ИДӨгө карата 2,6 пайыз чегинде катталган. Кирешелер 64,0 млрд. сомду же ИДӨгө карата 33,8 пайызды, ал эми чыгашалар 68,9 млрд. сомду же ИДӨгө карата 36,4 пайызды түзгөн.

2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердиктен кирешелери 55,0 млрд. сомду же ИДӨгө карата 29,1 пайызды түзгөн. 2010-жылдын январь-сентябрь айларындагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда өсүш арымы буга чейин түптөлгөн 2,8 пайызга

---

[2] Сомдун номиналдык эки тараптуу алмашуу курсу боюнча маалыматтар келтирилген, мында индексти эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2000-жыл алынган.

[3] Кыргыз Республикасында өтүп жаткан жылдын январь-сентябрь айларында инфляция 4,4 пайызды түзгөн, ал эми соода боюнча негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдө инфляциянын орточо деңгээли, алдын ала эсептөөлөр боюнча 2,9 пайызды түзөт.

караганда 35,6[1] пайызды түзүү менен көбөйүү жагына ык койгон. Бул бүтүндөй алганда, акыркы беш жыл ичиндеги орточо жылдык деңгээлден жогору.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердиктен жалпы чыгашалары 2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 29,6[2] пайызга же 12,4 млрд. сомго көбөйүү менен 54,3 млрд. сомду түзгөн.

Бюджеттик чыгашаларды функционалдык классификациялоого ылайык, отчеттук мезгил ичинде экономикалык маселелерге (0,7 п.п.) жана билим берүүгө (0,1 п.п.) чыгашаларынын ИДӨгө карата көбөйүүсү байкалган. ИДӨгө карата чыгашалар төмөнкү топтор боюнча да кыскарган: турак жай, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө (0,2 п.п.), коргонууга, коомдук тартипти жана коопсуздук сактоого (0,1 п.п.), социалдык коргоого алууга (0,1 п.п.), жалпы маанидеги мамлекеттик кызматтарга (0,1 п.п.), саламаттыкты сактоого (0,1 п.п.) жана курчап турган чөйрөнү коргоого (0,1 п.п.). Мамлекеттик бюджеттин ИДӨгө карата чыгашалары эс алуу, маданий жана диний иш-чараларга өзгөрүлгөн эмес.

Экономикалык классификациялоого ылайык мамлекеттик бюджеттин чыгашаларынын өсүшүнө эмгекке төлөөгө кеткен чыгашалар (9,5 п.п.) жана субсидияларга, социалдык жөлөк пулдарга чыгашалар (5,7 п.п.) түрткү берген.

2011-жылдын август айынын акырына карата абал боюнча мамлекеттик карыз 135,6 млрд. сомду (2,8[4] млрд. долларды), анын ичинен ички карыз 9,5 млрд. сомду, тышкы карыз – 126,1[3] млрд. сомду түзгөн. 2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичиндеги мамлекеттик карыз 2010-жылдын декабрь айындагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 3,0 пайызга же 4,0 млрд. сомго көбөйгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде мамлекеттик карызды тейлөө боюнча пайыздык төлөмдөр 2,3 млрд. сомду (2010-жылдын январь-сентябрь айларында 1,4 млрд. сомду түзгөн). Мунун ичинен ички жана тышкы карыз боюнча төлөөлөрдүн салыштырма салмагы, жалпы пайыздык төлөмдөрдүн тиешелүүлүгүнө жараша 27,3 жана 72,7 пайызды түзгөн. 2010-жылдын январь-сентябрь айларындагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда тышкы карыз боюнча пайыздык төлөөлөр 94,4 пайызга же 0,8 млрд. сомго, ички карыз боюнча 21,3 пайызга же 0,1 млрд. сомго көбөйгөн.

Отчеттук мезгил ичинде бюджеттик каражаттардын финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларга таза агымы (төмөнкү топтор боюнча операцияларды: негизги фондуларды, запастарды, жерлерди кошо алганда) 5,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 2,9 пайызды түзгөн (2010-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 4,0 млрд. сомду же ИДӨгө карата 2,8 пайыз).

## Финансы сектору

### *Банк тутуму*

Алдын ала маалыматтар боюнча 2011-жылдын 30-сентябрына карата абал боюнча[4] Кыргыз Республикасынын аймагында Пакистан улуттук банкынын Бишкектеги филиалын жана коммерциялык банктардын 250 филиалын кошо

[1] Реалдуу алганда (КБИге корректировкаланган) мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердиктен кирешелери 13,1 пайызга көбөйгөн.
[2] Реалдуу алганда (КБИге корректировкаланган) 8,0 пайызга көбөйгөн.
[3] Улуттук банк тарабынан эсептелинген (2011-жылдын 31-августуна карата 1 АКШ доллары үчүн = 44,8925 сом).
[4] Маалыматтар коммерциялык банктардын регулятивдик отчеттору боюнча келтирилген.

алганда, 22 коммерциялык банк иштеп турган[1] (2010-жылдын ушул эле мезгилинде да 22 коммерциялык банк ишин жүргүзүп турган).

2011-жылдын сентябрь айынын акырында банк тутуму тарабынан бүтүндөй алганда, 1 417,6 млн. сом өлчөмүндө таза пайда алынган (2010-жылдын ушул эле мезгилинде коммерциялык банктын иш натыйжасы боюнча чыгым 4 312,4 млн. сом чегинде катталган). Жыл башынан бери банк тутумунун суммардык активдери 12,4 пайызга көбөйүп, отчеттук мезгилдин акырына карата 65,1 млрд. сомду түзгөн.

Коммерциялык банктардын депозиттик базасынын көлөмү 2011-жылдын сентябрь айынын акырында 38,4 млрд. сомду түзүү менен жыл башынан бери 12,7 пайызга көбөйгөн. Мында, көбөйүү депозиттик базанын валюталык түзүүчүлөрүнүн 11,9 пайызга өсүшү менен сыяктуу эле, сом түрүндөгү аманаттардын 13,6 пайызга көбөйүүсүнүн эсебинен камсыз кылынган.

Улуттук валютадагы жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо алынган пайыздык чен, жылдык мааниде алганда 0,1 пайыздык пунктка көбөйүү менен 2,1 пайызды түзгөн. Чет өлкө валютасындагы жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча чен 0,3 пайыздык пунктка төмөндөп, 0,9 пайыз чегинде катталган.

2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде кредиттөө рыногундагы жагдай өлкөдө экономикалык өсүштүн жандануусунун, республиканын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүндө экономикалык туруктуу жогорулоонун, ошондой эле ички керектөөнүн катышынын алкагында калыптанган.

Алсак, коммерциялык банктардын кредиттик порфтелинин көлөмү 2011-жылдын сентябрь айынын акырында 30,1 млрд. сомду түзүп, жыл башынан бери 13,9 пайызга көбөйгөн (алмашуу курсунун өзгөрүүсүнө корректировкалоолорду эске алганда, кредиттик портфель 16,7 пайызга арткан). Кредиттик портфелинин сом түрүндөгү бөлүмүнө негизги өсүш туура келип, ал 14,2 млрд. сомду (+21,8 пайызды) түзгөн. Мында чет өлкө валютасында берилген кредиттердин көлөмү 15,8 млрд. сом эквивалентин түзүп, жыл башынан бери 7,6 пайызга көбөйгөн.

Банктардын кредиттик портфелинде мурдагыдай эле негизги үлүштү соода кредиттери ээлейт. Транспорт, байланыш, даярдоо жана кайра даярдоо чөйрөсүнө, социалдык кызмат көрсөтүүлөргө кредиттер мурдагыдай эле, бир аз эле үлүштү түзгөн.

Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2010-жылдын тогуз айы ичиндеги көрсөткүчкө салыштырганда, 0,3 пайыздык пунктка төмөндөп, 23,5 пайызды түзгөн. Ал эми чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча да 0,4 пайыздык пунктка төмөндөө жүрүп, чен 19,6 пайыз чегинде катталган.

Отчеттук мезгил ичинде инфляция деңгээлинин салыштырмалуу жогорку деңгээлде сакталып турушунан улам, улуттук валютадагы кредиттер боюнча реалдуу пайыздык чендердин мааниси 3,0 пайызды түзгөн (2010-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 18,1 пайыз чегинде катталган эле).

[1] 2010-жылдын 1-ноябрынан тартып Банк тутумунун түзүмүнөн «АзияУниверсалБанк» ААКсы, банкроттук жол-жобосун баштоо жана консервация режиминин токтотуу жөнүндө соттук чечимге байланыштуу, чыгарылган (Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 1-ноябрындагы №83/1 токтомуна ылайык). 2010-жылдын 24-декабрынан тартып банк тутумуна, Улуттук банк Башкармасынынын 2010-жылдын 16-декабрындагы №91/1 токтомуна ылайык, «Залкар Банк» ААКсы киргизилген.

***Улуттук банктан лицензия алышкан банктык эмес финансы-кредит мекемелери***

Кыргыз Республикасындагы банктык эмес финансы-кредит мекемелер тутуму (БФКМ) отчеттук мезгилдин акырына карата 898 банктык эмес мекемени камтып турган[1], анын ичинен: кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы (Финкомпания) – 1, кредиттик союздар (КС) – 198, микро-финансылык уюмдар (МФУ) – 432, алмашуу бюролору – 267 (2010-жылдын ушул эле мезгилинде БФКМдердин саны 934 түзгөн эле).

БФКМдердин кредиттик портфели[2] 2011-жылдын биринчи жарым жылдыгында 26,0 пайызга көбөйүү менен 13 968,1 млн. сомду түзгөн.

**3-таблица. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин* кредиттик портфели** (млн.сом)

| **Финансы-кредит мекемелеринин аталыштары** | **30.06.2010** | **31.12.2010** | **30.06.2011** |
|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы | 440,9 | 461,1 | 466,3 |
| Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусу** | 129,7 | 1 028,1 | 1 978,3 |
| МФУ (МКК/МКА) | 5 499,7 | 6 126,3 | 7 721,2 |
| МФК | 3 703,9 | 3 821,9 | 5 014,9 |
| Кредиттик союздар | 1 040,7 | 1 139,7 | 1 231,9 |
| Ломбарддар | - | - | - |
| **Бардыгы болуп** | **10 244,3** | **11 088,0** | **13 968,1** |

* Маалыматтар, Финкомпанияны жана БРАФты эске алуусуз келтирилген (анткени, Финкомпаниянын кредиттери кредиттик союздарга, ал эми БРАФтын кредиттери коммерциялык банктарга берилген).

** Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 9-июнундагы №33/1 токтому менен БРАФ 2011-жылдын 1-августунан тартып жоюулган; Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 27-июлундагы №40/5 токтомуна ылайык БРАФтын лицензиясы кайтарылып алынган.

[1] 2009-жылдын 8-сентябрынан тартып лицензиялоо токтотулгандыктан, ломбарддар эске алынган эмес.

[2] МФУлар отчеттору жарым жылдык негизде берилет.